**«БЕКИТЕМИН»**
**К. Карасаев атындагы Бишкек**
**мамлекеттик университетинин илим,**
**мамлекеттик тил жана эл аралык**
**байланыштар боюнча проректору,**
**ф. и. д., профессор Г.М. Мурзахмедова**
**_______________________**
**«__»_______2021-ж.**

**Есенов Уланбек Аскаралиевичтин 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институту (саясий укуктук изилдөө)» темасындагы диссертациясына жетектөөчү уюмдун**

## БҮТҮМҮ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

Изденүүчү "Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институту (саясий укуктук изилдөө)" деген темадагы диссертациясы илимий-теориялык жактан да, практикалык жактан да актуалдуу маселеге арналгандыгы шексиз.

Анткени Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон бери, өзүнүн саясий жана укуктук өнүгүүсүндө мамлекеттик башкаруунун ар кандай формаларын баштан кечиргени менен, бул жаатта калыптанып бүтө элек.

Советтер Союзунун кыйралуусунун жакындоосу менен Кыргызстан башка көптөгөн өлкөлөрдөй эле президент институтунун негизделүүсү тууралуу чечим кабыл алды.

Постсоветтик мамлекеттердин саясий тарыхы саясий элиталар үчүн мындай институттун түзүлүүсү ишенимдүү болгондугун тастыктайт. Анткени ал 1991-жылдагы россиялык, украиналык жана белоруссиялык жетекчиликтердин СССР катары өлкөнүн жок болуусу тууралуу декабрдагы чечиминен көз карандысыз түрдө сакталып келген.

Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун негиздөө менен Кыргызстандын саясий тажрыйбасы тууралуу үн чыкпай коюу туура эмес болмок. Кыргызстандын биринчи президенти Аскар Акаев, кийинки президенттер Курманбек Бакиев жана Сооронбай Жээнбеков мамлекет башчысы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТЫМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДК-91-20
«5» 10 2021 ж

кызматынан мөөнөтүнөн мурда кеткендиги баарыбызга белгилүү. Бирок башкы суроолор алардын бирөөсү даг президенттик ордунан кеткен эместиги отставканын саясий укуктук жаратылышынын өзү өз ыктыярдуулуктун жоктугун көрсөттү. Кыргыз мамлекетинин башчысынын кызматын эсеби боюнча биринчи жана экинчи болуп ээлеген өлкө башчылары кийинчерээк «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусунан айрылышкандыгы монографиялык изилдөөнүн жүргүзүү чечимин күчтөндүрүп, бекемдеди.

Алмазбек Атамбаевдин президенттик мөөнөтүнүн аяктоосунан кийин пайда болгон кырдаалды өзгөчө өз алдынча жол катары белгилөөгө болот. Кыргыз парламенти тез арада Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын президентинин ишмердүүлүгүнүн кепилдиктери жөнүндө» мыйзамына толуктолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү менен аны жоопкерчиликке тартуу максатында импичмент процедурасы аркылуу анын ээ болгон «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусунан ажыратат.

Албетте, мурунку президенттерди жоопкерчиликке тартуу тажрыйбасы Кыргызстанда гана эмес, башка чет мамлекеттерде да болгон. Мындай учурлар ошол эле белгиленген Арменияда, Францияда жана Түштүк Кореяда болгон. Бүгүнкү күндө мурунку мамлекет башчыларын жоопкерчиликке тартуу нормалдуу көрүнүш болуп эсептелет.

Президенттик бийликтин мөөнөтүнүн мурда токтотулуу институтун ишке ашыруудагы аз эмес суроолор иштеп жаткан мамлекет башчыларынын каза болгон учурунда жана айыккыс оорулуу болгондо пайда болот. Анын айкын далили катары И.А.Каримовдун каза болгондон кийин, айыккыс оорулуу учурунда эмес, президенттик ишмердүүлүгүн мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу эсептелет.

Ошентип, жогорудагынын баары президенттик ыйгарымдардын мөөнөтүнөн мурда токтотулуу суроолорундагы саясий укуктук кемчиликтердин бар болуусун тастыктайт. Жана бул маанисинде президент бийликтин натыйжалуулугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылган жана ошондой эле президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун негиздеринин комплексин жөнгө салган «ишенимдүү» жана «иштелген» механизмдерин табуу бул монографиялык изилдөө үчүн биринчи даражадагы маселе болуп саналат.

**2. «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.**

Изденүүчүнүн диссертациясында азыркы Кыргызстандагы президент институтунун саясий-укуктук табиятын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин саясий системадагы ордун аныктоо менен бул институтту

өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу максатында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде төмөнкү натыйжалар алынган:

**1-натыйжа**. Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусун кыргыз президенттигинин жаратылышын ачыктаган өз алдынча саясий укуктук институт катары түшүнүүгө боло тургандыгы тууралуу тыянак негизделген. Бул мааниде аны өз алдынча институт катары бөлүү аны анын бири биринен өз ара көз карандысыз болгон түзүүчүлөрүнүн тобу менен жөнгө салынгандыгы менен негизделген.

**2-натыйжа**. Кыргызстандагы президент институтунун негизделүүсү жана бул кызматка Аскар Акаевдин шайлануусу «эски» жана «жаңы» саясий элиталардын ортосундагы күрөштүн натыйжасы болду. Бирок жаңы мамлекеттик формацияга өтүү жана параллелдүү жана Советтердин вертикалынын көз карандысыз болгон бийликти куруу максатын көздөгөн ушундай саясий укуктук институттун пайда болуусу практика жүзүндө анын максатын так түшүнүүнү камсыз кылган жоктугу аныкталган.

**3-натыйжа**. Президент кызматынан мөөнөтүнөн мурда кетүүсү менен байланышкан саясий кырдаалдар Кыргызстанда гана эмес болуп жаткандыгы тууралуу тыянак негизделген. Бирок өзүнүн саясий өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мөөнөтүнөн мурда легислатуранын негиздеринин камсыздалуусуна болгон ыкмалар бирдей эмес бирдей эместигине мүнөзүнө ээ. Казакстан Республикасында мыйзамчыгаруучулук тартипте президенттин отставкага кетүүгө болгон түздөн түз укугу жок. Кыргызстанда жана Өзбекстан Республикасында мамлекет башчысынын мөөнөтүнөн мурда кызматынан кетүүсү жана өлкө башчысынын кызматын убактылуу ордун ээлөө биринчи кезекте бийликке келгендердин чечими менен коштолгон.

**4-натыйжа**. А. Акаевдин, К. Бакиевдин жана А. Атамбаевдин “Кыргыз Республикасынын экс-президент” статусунан ажыратуу тууралуу чечими биринчи кезекте саясий болгондугу тууралуу тыянак негизделген.

**5-натыйжа**. Укуктун жана саясат таануунун көз карашы менен президентке импичмент тууралуу түрдүү түшүнүктөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген. Эгерде укуктук көз караш менен парламент же башка ага ыйгарымдуу болгон бийлик органы тарабынан кызматынан бошотуунун бардык процедуралары президенттик ыйгарымдардын мөөнөтүнөн мурда токтотулуусун жана жазык жоопкерчилигине биринчи негиз катары түшүндүрүлсө, анда саясий илимде – мамлекет башчынын жоопкерчилигинин өзүн түшүндүргөндүгү далилденген.

**6-натыйжа**. Отставка жана оор ооруу түрүндөгө президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуунун учурлары авторитардык режимдеги өлкөлөргө таандык эместиги тууралуу тыянак негизделген.

**7-натыйжа** Парламент тарабынан импичментти ишке ашыруу мезгилинде мамлекет башчынын отставкага берүүнүн саясий укуктук мүмкүнчүлүгүн бар болуусу орундуу эмес экиндиги жөнүндө тыянак негизделген. Мындай түрдөгү президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу дискредитация жана президенттик бийликке ээ болгон субъектинин жоопкерчиликтен качуусу катары бааланыуусу керек. Ошого байланыштуу мыйзамчыгаруучулук деңгээлде импичмент жарыяланган мезгилде президенттик ишмердүүлүгүн мөөнөтүнөн мурда бүтүргөн адамга «Кыргыз Республикасынын экс-президент» статусун алуу укугун чектөө сунушталган.

**8-натыйжа**. Кыргызстанда президенттик бийликке убактылуу ээ болгон субъектилердин ыйгарымдарында жашырылган чектөөлөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген. Анын ичинде, мындай ишмердүүлүктү убактылуу аткарган адам расмий киришүүгө жана «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусун алууга укугу жок. Ошону менен биргеликте ата мекендик мыйзамчыгаруучулук мындай субъектинин отставкага кетүү жана импичментке дуушар болуу укугунун мүмкүнчүлүктөрү же чектөөлөрү тууралуу эч нерсе белгилебейт.

**9-натыйжа**. Эсеп боюнча Кыргызстандын төртүнчү президенти С. Жээнбековдун орун алган октябрь окуяларынын кесепетинен отставкага кетүүсү, жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын премьер-министри С. Жапаровдун пайдасына парламенттин спикери К. Исаевдин президенттик кызматты убактылуу ээлөөдөн өз ыктыяры менен баш тартуусу, президенттик шайлоолорго катышуусу менен байланыштуу Министрлер кабинетинин башчысынын мындай ыйгарымдарды аткаруудан баш тартуусу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучусу А. Новиковдун президенттик ыйгарымдарды жаңы шайланган парламенттин спикери Т. Мамытовго берүү максатында аткарбоосу президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу тууралуу жана тигил же бул субъекти менен убактылуу ордун ээлөөсү жөнүндө критерийлердин толук комплексинин жоктугу тууралуу билдирет. Ошого байланыштуу мындай кырдаал боюнча Кыргыз Республикасыны өз алдынча мыйзамын кабыл алуу сунушталат.

**10-натыйжа**. Борбордук Азиялык региондо президенттик ыйгарымдардын мамлекет башчысынын укукка жөндөмсүздүк катары учурларынын формалдуулугу тууралуу тыянак негизделген. Анын далили болуп Өзбекстандын саясий истеблишменти тарабынан И. Каримовду оор ооруусу тууралуу маалыматты билдирбөө, жашыруу эсептелет. Себеби эсеби боюнча мамлекеттин биринчи башчысынын бийлигинин мөөнөтүнөн мурда таанылуусу анын өлүмүнөн кийин гана чечилет.

**3. Диссертациялык иштеги ар бир натыйжанын (илимий жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Изденүүчүнүн диссертациясын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундулаган актуалдуу илимий изилдөө иш катары бааласа болот. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана президент институтун мындан ары иликтөөдө маанилүү концептуалдык–методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

Изденүүчү диссертациянын жыйынтыктарын, илимий жоболорун негиздөө үчүн саясат таануу илиминин азыркы парадигмалары жана усулдары менен бирге укук таануу илиминин да теориялык-методологиялык аппаратын кеңири колдонуусу бул эмгекте ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга шарт түзгөн.

**1-натыйжа**. Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусун кыргыз президенттигинин жаратылышын ачыктаган өз алдынча саясий укуктук институт катары түшүнүүгө боло тургандыгы тууралуу тыянак негизделген. Бул мааниде аны өз алдынча институт катары бөлүү аны анын бири биринен өз ара көз карандысыз болгон түзүүчүлөрүнүн тобу менен жөнгө салынгандыгы менен негизделген. Алынган натыйжа шексиз, анткени ал аталган түшүнүктү изилдөө боюнча масштабдуу илимий адабияттарды, ата-мекендик, алыскы жана жакынкы чет өлкөлүк окумуштуулардын тиешелүү эмгектерин терең талдоонун натыйжасында алынган.

**2-натыйжа**. Кыргызстандагы президент институтунун негизделүүсү жана бул кызматка Аскар Акаевдин шайлануусу «эски» жана «жаңы» саясий элиталардын ортосундагы күрөштүн натыйжасы болду. Бирок жаңы мамлекеттик формацияга өтүү жана параллелдүү жана Советтердин вертикалынын көз карандысыз болгон бийликти куруу максатын көздөгөн ушундай саясий укуктук институттун пайда болуусу практика жүзүндө анын максатын так түшүнүүнү камсыз кылган жоктугу аныкталган.

**3-натыйжа**. Президент кызматынан мөөнөтүнөн мурда кетүүсү менен байланышкан саясий кырдаалдар Кыргызстанда гана эмес болуп жаткандыгы тууралуу тыянак негизделген. Бирок өзүнүн саясий өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мөөнөтүнөн мурда легислатуранын негиздеринин камсыздалуусуна болгон ыкмалар бирдей эмес бирдей эместигине мүнөзүнө

ээ. Казакстан Республикасында мыйзам чыгаруучулук тартипте президенттин отставкага кетүүгө болгон түздөн түз укугу жок. Кыргызстанда жана Өзбекстан Республикасында мамлекет башчысынын мөөнөтүнөн мурда кызматынан кетүүсү жана өлкө башчысынын кызматын убактылуу ордун ээлөө биринчи кезекте бийликке келгендердин чечими менен коштолгон.

**4-натыйжа**. А. Акаевдин, К. Бакиевдин жана А. Атамбаевдин "Кыргыз Республикасынын экс-президент" статусунан ажыратуу тууралуу чечими биринчи кезекте саясий болгондугу тууралуу тыянак ырасталган.

**5-натыйжа**. Укуктун жана саясат таануунун көз карашы менен президентке импичмент тууралуу түрдүү түшүнүктөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген. Эгерде укуктук көз караш менен парламент же башка ага ыйгарымдуу болгон бийлик органы тарабынан кызматынан бошотуунун бардык процедуралары президенттик ыйгарымдардын мөөнөтүнөн мурда токтотулуусун жана жазык жоопкерчилигине биринчи негиз катары түшүндүрүлсө, анда саясий илимде – мамлекет башчынын жоопкерчилигинин өзүн түшүндүргөндүгү такталган.

**6-натыйжа**. Бийлик башындагы лидердин отставкага кетүүсү жана оор ахвалдагы ооругандыгына байланыштуу президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулушунун учурлары авторитардык режимдеги өлкөлөргө таандык эместиги тууралуу тыянак далилденген.

**7-натыйжа**. Парламент тарабынан импичментти ишке ашыруу мезгилинде мамлекет башчынын отставкага берүүнүн саясий укуктук мүмкүнчүлүгүн бар болуусу орундуу эмес экиндиги жөнүндө тыянак негизделген. Мындай түрдөгү президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу дискредитация жана президенттик бийликке ээ болгон субъектинин жоопкерчиликтен качуусу катары бааланууусу керек. Ошого байланыштуу мыйзамчыгаруучулук деңгээлде импичмент жарыяланган мезгилде президенттик ишмердүүлүгүн мөөнөтүнөн мурда бүтүргөн адамга «Кыргыз Республикасынын экс-президент» статусун алуу укугун чектөө аныкталган.

**8-натыйжа**. Кыргызстанда президенттик бийликке убактылуу ээ болгон субъектилердин ыйгарымдарында жашырылган чектөөлөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген. Анын ичинде, мындай ишмердүүлүктү убактылуу аткарган адам расмий киришүүгө жана «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусун алууга укугу жок. Ошону менен биргеликте ата мекендик мыйзамчыгаруучулук мындай субъектинин отставкага кетүү жана импичментке дуушар болуу укугунун мүмкүнчүлүктөрү же чектөөлөрү тууралуу эч нерсе белгилебегендиги далилдеген.

**9-натыйжа**. Эсеп боюнча Кыргызстандын төртүнчү президенти С. Жээнбековдун орун алган октябрь окуяларынын кесепетинен отставкага кетүүсү, жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын премьер-министри С. Жапаровдун пайдасына парламенттин спикери К. Исаевдин президенттик кызматты убактылуу ээлөөдөн өз ыктыяры менен баш тартуусу, президенттик шайлоолорго катышуусу менен байланыштуу Министрлер кабинетинин башчысынын мындай ыйгарымдарды аткаруудан баш тартуусу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучусу А. Новиковдун президенттик ыйгарымдарды жаңы шайланган парламенттин спикери Т. Мамытовго берүү максатында аткарбоосу президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу тууралуу жана тигил же бул субъекти менен убактылуу ордун ээлөөсү жөнүндө критерийлердин толук комплексинин жоктугу тууралуу билдирет. Ошого байланыштуу мындай кырдаал боюнча Кыргыз Республикасыны өз алдынча мыйзамын кабыл алуу сунушталган.

**10-натыйжа**. Борбордук Азиялык региондо президенттик ыйгарымдардын мамлекет башчысынын укукка жөндөмсүздүк катары учурларынын формалдуулугу тууралуу тыянак негизделген. Анын далили болуп Өзбекстандын саясий истеблишменти тарабынан И. Каримовду оор ооруусу тууралуу маалыматты билдирбөө, жашыруу эсептелет. Себеби эсеби боюнча мамлекеттин биринчи башчысынын бийлигинин мөөнөтүнөн мурда таанылуусу анын өлүмүнөн кийин гана чечилгендиги негизделген.

**4. Диссертациялык иштеги ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык деңгээли.**

**1-натыйжа**. Жаңы, анткени Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусун кыргыз президенттигинин жаратылышын ачыктаган өз алдынча саясий укуктук институт катары түшүнүүгө боло тургандыгы тууралуу тыянак негизделген.

**2-натыйжа**. Жаңы, себеби жаңы мамлекеттик формацияга өтүү жана параллелдүү жана Советтердин вертикалынын көз карандысыз болгон бийликти куруу максатын көздөгөн ушундай саясий укуктук институттун пайда болуусу практика жүзүндө анын максатын так түшүнүүнү камсыз кылган жоктугу аныкталган.

**3-натыйжа**. Салыштырмалуу жаңы, анткени президент институтунун Азия өлкөлөрүндө калыптануу процессин талдоодо автордук позиция негизделген.

**4-натыйжа**. Жарым-жартылай жаңы, себеби А. Акаевдин, К. Бакиевдин жана А. Атамбаевдин “Кыргыз Республикасынын экс-президент” статусунан

ажыратуу тууралуу чечими биринчи кезекте саясий болгондугу тууралуу тыянак ырасталган.

**5-натыйжа**. Жарым-жартылай жаңы, себеби укуктун жана саясат таануунун көз карашы менен президентке импичмент тууралуу түрдүү түшүнүктөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген..

**6-натыйжа**. Жарым-жартылай жаңы, себеби отставка жана оор ооруу түрүндөгө президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуунун учурлары авторитардык режимдеги өлкөлөргө таандык эместиги тууралуу тыянак менен толуктаган.

**7-натыйжа**. Жаңы, себеби Парламент тарабынан импичментти ишке ашыруу мезгилинде мамлекет башчынын отставкага берүүнүн саясий укуктук мүмкүнчүлүгүн бар болуусу орундуу эмес экиндиги жөнүндө тыянак негизделген. Мындай түрдөгү президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу дискредитация жана президенттик бийликке ээ болгон субъектинин жоопкерчиликтен качуусу катары бааланнуусу керек. Ошого байланыштуу мыйзамчыгаруучулук деңгээлде импичмент жарыяланган мезгилде президенттик ишмердүүлүгүн мөөнөтүнөн мурда бүтүргөн адамга «Кыргыз Республикасынын экс-президент» статусун алуу укугун чектөө сунушталып жатат.

**8-натыйжа**. Жарым-жартылай жаңы, себеби Кыргызстанда президенттик бийликке убактылуу ээ болгон субъектилердин ыйгарымдарында жашырылган чектөөлөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген. Анын ичинде, мындай ишмердүүлүктү убактылуу аткарган адам расмий киришүүгө жана «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусун алууга укугу жок. Ошону менен биргеликте ата мекендик мыйзамчыгаруучулук мындай субъектинин отставкага кетүү жана импичментке дуушар болуу укугунун мүмкүнчүлүктөрү же чектөөлөрү тууралуу эч нерсе белгилебегендиги далилденген.

**9-натыйжа**. Жарым-жартылай жаңы, себеби эсеп боюнча Кыргызстандын төртүнчү президенти С. Жээнбековдун орун алган октябрь окуяларынын кесепетинен отставкага кетүүсү, жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын премьер-министри С. Жапаровдун пайдасына парламенттин спикери К. Исаевдин президенттик кызматты убактылуу ээлөөдөн өз ыктыяры менен баш тартуусу, президенттик шайлоолорго катышуусу менен байланыштуу Министрлер кабинетинин башчысынын мындай ыйгарымдарды аткаруудан баш тартуусу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучусу А. Новиковдун президенттик ыйгарымдарды жаңы шайланган парламенттин спикери Т. Мамытовго берүү максатында аткарбоосу президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу тууралуу жана

тигил же бул субъекти менен убактылуу ордун ээлөөсү жөнүндө критерийлердин толук комплексинин жоктугу тууралуу билдирет. Ошого байланыштуу мындай кырдаал боюнча Кыргыз Республикасыны өз алдынча мыйзамын кабыл алуу сунуштама менен толукталган.

**10-натыйжа**. Жаңы, себеби Борбордук Азиялык региондо президенттик ыйгарымдардын мамлекет башчысынын укукка жөндөмсүздүк катары учурларынын формалдуулугу тууралуу тыянак негизделген. Анын далили болуп Өзбекстандын саясий истеблишменти тарабынан И. Каримовду оор ооруусу тууралуу маалыматты билдирбөө, жашыруу эсептелет. Себеби эсеби боюнча мамлекеттин биринчи башчысынын бийлигинин мөөнөтүнөн мурда таанылуусу анын өлүмүнөн кийин гана чечилгендиги аныкталган.

**5. Диссертациядагы алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо**.

Изденүүчү У. Есеновдун «Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институту (саясий укуктук изилдөө)» деген темадагы диссертациясында алынган натыйжалардын ички биримдиги азыркы Кыргызстандагы президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институтунун саясий-укуктук табиятын аныктоо менен бул институтту өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максаты менен шартталат.

Буга байланыштуу негизги жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар диссертациянын максаты жана анын алкагында коюлган маселелерди чечүү процессиндеги бул эмгектин түзүмдүк композициясы менен мазмунунун түзгөн элменттердин бирдиктүүлүгү менен да мүнөздөлөт.

**6. Изденүүчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы**.

Изденүүчү У. Есеновдун диссертациясы азыркы Кыргызстандагы президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институтунун саясий-укуктук табиятын аныктоо менен бул институтту өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга багытталган.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык мааниси биринчи кезекте азыркы Кыргызстандагы президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институтунун көйгөйлөрүн изилдеп чыгып, анын өнүгүүсүнүн саясий факторлору жана перспективалары боюнча сунуштарды иштеп чыгууда жатат.

Автор иштеп чыккан айрым тыянактар менен сунуштар улуттук мыйзамдарды жакшыртууда, Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигин уюштурууда да колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын теориялык жоболору жана тыянактары Кыргыз Республикасынын саясий илиминин тиешелүү аспектилери боюнча эмгектерди жаратууда, жогорку окуу жайларында саясат таануу сабактарын өтүүдө да колдонулушу мүмкүн.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын жарыялануусун ырастоо**.

Диссертациялык иштин негизги жоболору, натыйжалары жана жыйынтыктары изденүүчүнүн 33 илимий эмгектеринде чагылдырылган.

1. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Президент институтунун Кыргыз Республикасындагы алгачкы саясий укуктук реформаларынын ишке ашырылуусу [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Право и политика. - № 4. – Бишкек, 2012. – Б. 35-37.

2. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик системасындагы президент институтунун жаралуу идеялары [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Право и политика. - № 4. – Бишкек, 2012. – Б. 37-39.

3. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын биринчи президенти А.А. Акаевдин жүргүзгөн референдумунун саясий укуктук натыйжалары [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 4. – Бишкек, 2012. – Б. 25-27.

4. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасындагы президенттик бийликтин кийинки мөөнөткө узартылуусу боюнча аракеттердин саясий укуктук изилденүүсү [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 4. – Бишкек, 2013. – Б. 27-29.

5. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Президенттик бийликтин 1993-1996-жылдары мезгилиндеги саясий укуктук реформалары [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 3. – Бишкек, 2013. – Б. 54-56.

6. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын Биринчи президентинин шайлануусунун саясий талдануусу тууралуу [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Право и политика. - № 4. – Бишкек, 2013. – Б. 57-59.

7. **Есенов, У., Битурсын, Г.** Право уйти с поста главы государства: плюсы и минусы [Текст] // У. Есенов, Г. Битурсын / Научный Альманах, 2014. №3.

8. **Есенов У., Азиз, К.** Признать отставку президента: теоретические и практические аспекты [Текст] // У. Есенов, К. Азиз / Научный Альманах, 2014. № 3.

9. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын биринчи президентин шайлоо процессинин өзгөчөлүктөрү [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Право и политика. - № 4. – Бишкек, 2014. – Б. 59-61.

10. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын президентинин шайлануусунун саясий укуктук өзгөчөлүктөрү [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов// Право и политика. - № 4. – Бишкек, 2014. – Б. 82-85.

11. **Есенов, У.** Как уходили с президентской власти Аскар Акаев и Курманбек Бакиев [Текст] // У. Есенов / Научный Альманах, 2015. № 12/4.

12. **Есенов, У.** Учреждение института президента: политические и право-вые мотивы [Текст] // У. Есенов / Научный Альманах, 2015. № 12/4.

13. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын президент институтунун саясий укуктук реформалануусунун өбөлгөлөрү [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 3. – Бишкек, 2015. – Б. 41-43.

14. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын президентин 2005-жылдагы шайлануусунун саясий укуктук изилденүүсүнүн айрым маселелери [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 3. – Бишкек, 2015. – Б. 43-45.

15. **Азиз, К., Есенов, У.А.** «Президент» жана «президент институту» түшүнүктөрүнүн мазмуну жана аныкталуусунун айрым маселелери [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Право и политика. - № 2. – Бишкек, 2015. – Б. 85-87.

16. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Америка Кошмо Штаттарындагы президенттик бийликтин коомдун саясий системасындагы орду [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Право и политика. - № 2. – Бишкек, 2015. – Б. 42-44.

17. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Президенттик бийликтин саясий системадагы ишке ашырылуусу: Франциянын үлгүсүндө [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Право и закон. - № 3. – Бишкек, 2015. – Б. 44-47.

18. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын президентинин бийлигин күчтөндүрүүнүн алгачкы саясий укуктук аракеттери [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Право и закон. - № 3. – Бишкек, 2015. – Б. 78-80.

19. **Азиз, К., Есенов, У.А., Жуматаев, А.Г.** Импичмент президенту – как одно из оснований досрочного прекращения полномочий деятельности Главы государства [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов, А.Г. Жуматаев // Научный альманах. - N 9-3(23). – Тамбов, 2016. – Б. 46-52.

20. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын президенти К.С. Бакиевдин президенттик бийлигин бекемдеп, күчтөндүрүүгө багытталган жүргүзгөн реформалары [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 4. – Бишкек, 2016. – Б. 35-37.

21. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасындагы президент институтунун өзүнүн бийлигин күчтөндүрүүнүн тажрыйбасы тууралуу [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 4. – Бишкек, 2016. – Б. 37-39.

22. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Латын Америка өлкөлөрүндөгү президенттик бийликтин саясий системадагы өз ара аракеттешүүсүнүн өзгөчөлүктөрү [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Право и политика. - № 2. – Бишкек, 2016. – Б. 64-66.

23. **Есенов, У.** Отрешить от президентской власти: политико-правовые возможности [Текст] // У. Есенов / Вестник научных конференций, 2016. № 5-4 (10).
24. **Есенов, У.** О неприкосновенности первого лица государства [Текст] // У. Есенов / Вестник научных конференций, 2016. № 5-4 (10).
25. **Есенов, У.А.** Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтулуу институту (саясий укуктук изилдөө) [Текст] / У.А. Есенов // Монография. – Бишкек, 2017.
26. **Есенов, У.** Временно исполняющий полномочия президента: возмож-ности и ограничения [Текст] // У. Есенов / Вестник научных конферен-ций, 2017. № 2-7 (18).
27. **Есенов, У.** Право быть избранным на президентскую должность: возможное и логичное [Текст] // У. Есенов / Вестник научных конференций, 2017. № 2-7 (18).
28. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасындагы башкаруунун формаларынын ишке ашырылуусунун айрым тажрыйбасы [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 4. – Бишкек, 2018. –Б. 28-30.
29. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасындагы өткөөл мезгилдеги президент институтунун саясий укуктук процесстери жана анын натыйжасы [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 4. – Бишкек, 2018. – Б. 30-32.
30. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын президентинин шайлануусунун саясий укуктук негиздери [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 2. – Бишкек, 2020. – Б. 18-21.
31. **Азиз, К., Есенов, У.А.** Кыргыз Республикасынын президентинин шайлануусунун тажрыйбасы [Текст] / К. Азиз, У.А. Есенов // Вестник Академии МВД КР. - № 2. – Бишкек, 2020. – Б. 21-23.
32. **Osmonov, U.E., Esenov, U.A., Aydarbekov J.T.** External accountability of police services as part of reforms. [Текст] / U.E. Osmonov, U.A. Esenov, J.T. Aydarbekov // Theoretical & applied science. - № 5. – Бишкек, 2020. – Б. 675-678.
33. **Osmonov, U.E., Esenov, U.A., Aydarbekov J.T.** Openness and transparency in the activities of internal affairs agencies of the Kyrgyz Republic as a factor of increasing the level of public confidence. [Текст] / U.E. Osmonov, U.A. Esenov, J.T. Aydarbekov // Theoretical & applied science. - № 5. – Бишкек, 2020. – Б. 679-684.

Диссертация К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин саясий-укуктук изилдөөлөр кафедрасынын отурумунда талкууланып, жактоого сунушталган.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат толук бойдон диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине толук дал келет.

Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси бар.

9. **Диссертацияны мазмунундагы жана жазылышы боюнча кемчилдиктери:**

Изденүүчү Уланбек Есеновдун диссертациялык изилдөөсүнүн натыйжаларын, иштин актуалдуулугун жана маанилүүлүгүн оң баалоо менен, анын кээ бир кемчилдиктерин белгилөөгө болот.

-диссертацияда Кыргыз Республикасынын мурунку президенттеринин, айрыкча азыркы Мамлекет башчысынын бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институтунун өзгөчөлүктөрүнө талдоодо ачык сын-пикирлерди тартынбастан айтканда, иштин деңгээлине оң таасирин бермек.

- эмпирикалык материалдарды пайдаланууда расмий статистикалык мааалыматтарды колдонуудан сырткары, ушул маселе боюнча атайын колдонмо политологиялык же болбосо эксперттик социологиялык изилдөөлөрдүн ыкмаларын кеңири пайдалануу илимий изилдөөнүн деңгээлин жогорулатмак;

- Көз-карандысыздык мезгилиндеги Республикабыздагы президенттик бийликтин алмашуусу, лидерлик жана саясий элитанын трансформациялануу процесси тууралуу атайын эмпирикалык изилдөөлөр жана социалдык-саясий талдоолордун жыйынтыктары жарыяланган “Саясий элита: коомдогу бедели социологиясы”,- Бишкек, 2014, -516 б. (автору К.Исаев,Б.Сейитбаев), “Саясий лидерликтин моделдери жана президенттик институт. –Бишкек,2015, 218 б. (автору К.С.Абдымомунова) ж.б. талдоо иштеринде кеңири пайдаланылганда диссертациялык иштин илимий деңгээли мындан да жогору болмок.

- диссертациянын айрым бөлүмдөрүнүн көлөмдөрү бирдей болбогондугу кездешет;

- диссертациялык иште айрым бир деңгээлдеги грамматикалык, орфографиялык жана стилистикалык катачылыктар кездешет.

Жалпысынан диссертациялык изилдөө актуалдуу, коюлган талаптарга жооп берет. Диссертант тарабынан жогорку баага татыктуу, көлөмдүү жумуш аткарылган. Көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн илимий теориялык жана практикалык деңгээлин төмөндөтпөйт.

10. **Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына туура келиши.**

Сунуш кылынган Есенов Уланбек Аскаралиевичтин доктордук диссертациясы Диссертациялык кеңештин профилдик багытына туура келет.

Иште 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешинин талабына жооп берет.

Изденүүчү Есенов Уланбек Аскаралиевичтин «Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институту (саясий укуктук изилдөө)» деген темадагы диссертациялык изилдөөсү 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча илимдерин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши өз алдынча жазылган жана толугу менен бүткөн изилдөө болуп, «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына толук туура келет.

Заманбап Кыргызстандагы президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институтун саясий укуктук изилдөөдө колдонулган көлөмдүү илимий, нормативдик-укуктук адабияттар жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтары аныкталган изилдөө натыйжаларынын түзүлүшүндө, диссертациялык иштин корутундусунда белгилеген жоболордун, тыянактардын ишенимдүүлүгүн шарттайт.

Изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий жана системалык–структуралык принциптер түзүп, салыштырмалуулук, анализ – синтез, эмпирикалык аңдоо, саясий анализ жана институционалдык ыкмалары колдонулган.

Изилдөөнүн структурасы логикалык жактан туура. Бардык бөлүмдөр геосаясаясий процесстерди жана диссертациялык ишин жалпы ачып берүүгө туура бөлүштүрүлгөн. «Саясий институт, процесстер жана технологиялар» – 23.00.02 адистиги боюнча изилдөө ишинин талаптарына дал келет.

**Жетектөөчү мекеменин Бүтүмү К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Саясат таануу жана укук дисциплиналары кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланды жана Токтом кабыл алынып бекитилди. Протокол №1, 2021-жылдын 24-сентябры.**

**Саясат таануу жана укук дисциплиналары кафедрасынын башчысы, саясий илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.** **Сейитбаев Б.Т.**

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«21» 09 20 21 ж.